# ПИЛОСПЕЙ

ТАМАК-АШКА БИОЛОГИЯЛЫК АКТИВДҮҮ КОШУЛМАНЫ КОЛДОНУУ БОЮНЧА НУСКАМА

| **Курамы: бир капсулада төмөнкүлөр камтылат:**<br>*Активдүү заттар:* | |
|---|---|
| **Pylopass®**<br>- Lactobacillus reuteri пробиотикалык штаммынын таасир күчүн жоготкон бактериялары<br>- Жүгөрү декстрини | 200,0 мг |
| **Broccophane™**<br>*Өнгөн брокколиден(brassica oleracea italica) жасалган порошок* | 75,0 мг |
| ***Көмөкчү заттар:*** модификацияланган жүгөрү крахмалы, магний стеараты, тальк, кремний диоксиди | |

**КОЛДОНУУ ЧӨЙРӨСҮ:** тамак-ашка БАК катары колдонууда организмден хеликобактер пилори бактерияларынын чыгарылышына көмөк көрсөтөт жана ашказан ооруларынын өрчүү коркунучун алдын алат.

*Хеликобактер пилори (Helicobacter pylori) тууралуу бир аз фактттар:*

1 H. pylori- ашказандын кычкыл чөйрөсүндө жашоого жана ал тургай, анын түзүмүн колониялаштырууга жөндөмдүү, былжыр челге жабышкан патогендүү грам терс спираль сымал бактерия.


2 H. pylori- кеңири таралган ашказан инфекциясы, аны сиз тамак-аштан, суудан же идиштен алышыңыз мүмкүн. Ошондой эле сиз аны бактериясы бар адамдан шилекей же организмдин башка суюктуктары менен байланышуу аркылуу жуктурушунуз мүмкүн.

3 Эсептөөлөр боюнча жер шарынын калкынын болжолдуу 50%на H. pylori инфекциясы жуккан. Дүйнөлүк саламаттыкты сактоо уюму инфекцияны гастриттин жана функционалдык диспепсиянын өрчүү коркунучунун фактору катары карайт.

4 H. pylori инфекциясы симптому жок өтүшү мүмкүн, бирок болжолдуу 15-20% инфекция жуккандарда симптомдор байкалат.

5 H. pylori пайда кылган инфекциялар дүйнө жүзү боюнча кеңири таралган жана өнөкөт гастрит, ашказан жарасы же залалдуу шишимик сыяктуу олуттуу ооруларга алып келиши мүмкүн.

**Pylopass®** - бул табигый жол менен ашказандагы Helicobacter pylori катышуусу менен күрөшүүгө жардам берет. **Pylopass** ашказанда H. pylori бактериялык жүктөмдү максаттуу түрдө төмөндөтүүгө жардам берет. Ал жакшы белгилүү Lactobacillus reuteri пробиотигинин жашоого жөндөмү жок, таасир күчү жоголгон клеткаларын камтыйт, алар ашказанда H. pyloriнин бети менен механикалык байланышат (коагрегатты пайда кылуу менен) жана алардын кыймылын, жабышууну жана колониялаштырууну болтурбайт. Коагрегациядан кийин ал организмден тамак сиңирүү жолу аркылуу табигый жол менен бөлүнүп чыгат, аны менен организмдеги H. Pylori деңгээлин азайтат, бул ашказандын жана он эки эли ичегинин ооруларын пайда кылуу коркунучун азайтууга көмөк көрсөтөт. (1-сүрөттү кара).



**Pylopass** ашказандын төмөн pH деңгээлин көтөрө алат, себеби ал кадимки пробиотиктер сыяктуу ашказан чөйрөсүндө клеткалардын жашоосуна көз каранды болбогон механизмди колдонот.
**Pylopass** биринчи антигеликобактериялык метабиотик болуп саналат, ал H. Pylori инфекциясын эрадикациялык дарылоосунун натыйжалуулугун жана коопсуздугун жогорулатууга жөндөмдүү. Клиникалык изилдөөлөрдө13C белгиленген мочевина менен дем алуу тестинин жардамы менен ашказандын былжыр челиндеги H. pyloriнин колониялашуусуна Pylopassтин таасири көрсөтүлгөн.

1-сүрөт - Pylopassтин ® үстүңкү түзүмү молекуланын адгезиясын камтыйт (илгич формасында, бул жерде көк түстө көрсөтүлгөн), алар H. pylori (кызыл түстөгү) үстүңкү түзүлүштөрүн таанышат жана жабышат. Ошентип, Pylopass® H. pylori менен коагрегаттарды түзөт, андан кийин бардык коагрегаттар тамак сиңирүү жолу аркылуу организмден чыгарылат.

**Broccophane™** боордо детоксикация ферменттерин активдештирет, алар клеткалардын кычкылданып бузулуусун пайда кылуучу кошундулардан коргойт. Брокколи өсүмдүктөн алынган антиоксидантты камтыйт - сульфорафан жана индол-3-карбинол. Бул заттар детоксикациялоочу касиеттерге ээ жана инфекция учурунда клеткаларды кычкылданып бузулуудан коргоо жана ашказандын былжыр челинин калыбына келүүсүнө жардам берүү менен организмдин табигый коргоочу күчтөрүнө түрткү берет. Индол-3-карбинол боор ферменттеринин активдүүлүгүн жогорулатат, алар токсиндерди зыянсыздандырууга жана ичегинин иштешин нормага келтирүүгө жооп берет, гормоналдык теңдемдин нормага келишине жана шишимиктердин пайда болуу коркунучунун төмөндөшүнө көмөк көрсөтөт.
Сульфорафан инфекция учурунда (гастрит) ашказан сезгенүүсүн азайтып, сезгенүү медиаторлорунун иштелип чыгышын азайтат. Сульфорафан заласыз жана залалдуу шишиктердин өсүүсүн алдын алууга, кармоого, ошондой эле терапевттик агент катары залалдуу клеткаларга таасир берүүгө жөндөмдүү. Сульфорафандын жогору камтылгандыгынын натыйжасында Broccophane ™ күчтүү антиоксиданттык жана сезгенүүгө каршы таасирге ээ. Ал ашказан-ичеги жолунда жергиликтүү да, ошондой эле системалуу да таасир берет. Broccophane ™ H. pylori стандарттуу дарылоонун жагымсыз кесепеттерине каршы аракет көрсөтүү үчүн сонун кошумча болуп

эсептелет, бул туруктуу патогенди жок кылууга жана ашказандын былжыр челин жабыркоодон коргоого жардам берет.

**КОЛДОНУУ ЖОЛУ:**

Тамак учурунда 1 капсуланы стакан суу менен жутуп кабыл алуу керек.
H. Pylori инфекциясын эрадикациялык дарылоо 10-14 күндүк курсу бүткөндөн кийин **Pylopass™** менен 4 жумага чейин моно дарылоо курсун узартуу максатка ылайыктуу.

**1 КАПСУЛАДА (г) АЗЫКТЫК БААЛУУЛУГУ**

| | |
|---|---|
| Белоктор | 0,13 |
| Майлар | 0,03 |
| Углеводдор | 0,15 |
| Алардын ичинен канты | <0,01 |
| Энергетикалык баалуулугу | 6,42 кдж 1,53 ккал |

**КАРШЫ КӨРСӨТМӨ:**

- БАК компоненттерине жекече көтөрүмсүздүк;
- кош бойлуулук жана бала эмизүү мезгили;
- 18 жашка чейинки курак;

**ӨЗГӨЧӨ КӨРСӨТМӨ**

сунушталган суткалык дозадан ашырууга болбойт жана БАК ар түрдүү балансталган тамак катары кабыл алынат.

**САТУУ ШАРТЫ**

Дарыкана тармагы жана атайын дүкөндөр, соода тармагынын бөлүмдөрү аркылуу.

**САКТОО ШАРТЫ**

Жарык тийбеген жерде, 25°С жогору эмес аба табында сакталат.
Балдар жетпеген жерде сактоо керек!

**ЧЫГАРУУ ФОРМАСЫ**

Блистерде 15 капсула. 2 блистер мамлекеттик жана орус тилдеринде колдонуу боюнча нускамасы менен бирге картон кутуда.

**ЖАРАКТУУЛУК МӨӨНӨТҮ**

36 ай. Жарактуулук мөөнөтү өткөндөн кийин колдонууга болбойт.

**Өндүрүүчү:**

ErgoPharma Ltd.,
Gaji 1, 3000,
Целе, Словения

**Мамлекеттик каттоо күбөлүгүнүн ээси (МКК):**

SPEY MEDICAL Ltd.,
Lynton House 7-12 Tavistock Square, WC1H 9LT
Лондон, Улуу Британия

**Керектөөчүлөрдөн доо арыздарды кабыл алууга ыйгарым укуктуу уюм:**

«Cepheus Medical» (Цефей Медикал) ЖЧШ,
050000, КР, Алматы ш., Панфилов көч, 98, «Old Square» ББ,
тел: +7 (727) 300 69 71, e-mail: cepheusmedical@gmail.com